Bu sürecin en önemli kurumsal örneğini Kırgızistan–Türkiye Manas Üniversitesi oluşturmaktadır. 1995 yılında kurulan Üniversite, ortak finansman ve ortak yönetim modeliyle faaliyet gösteren uluslararası bir yükseköğretim kurumu olarak yalnızca iki ülke arasında değil, Türk Dünyası genelinde akademik işbirliğinin sembol kurumlarından biri hâline gelmiştir. Bugün binlerce mezunu kamu yönetimi, diplomasi, akademi, özel sektör ve sivil toplum alanlarında görev almakta; böylece iki ülke arasında uzun vadeli kurumsal ve toplumsal ağların oluşmasına katkı sağlamaktadır.

Türk Devletleri Teşkilatı'nın kurulmasıyla birlikte eğitim alanındaki işbirliği ikili düzeyin ötesine taşınmış ve çok taraflı kurumsal mekanizmalarla desteklenmiştir. Bu kapsamda faaliyet gösteren Türk Üniversiteler Birliği (TURKUNIB), üye ülkelerin yükseköğretim kurumları arasında ortak

Акыркы жылдары транспорт, энергетика, экономика, айлана-чөйрө, саламаттык сактоо, өзгөчө кырдаалдарды башкаруу жана санариптик трансформация сыяктуу багыттарда ишке ашырылып жаткан биргелешкен демилгелер саясий кызматташтык дипломатиялык кеңешүүлөр менен чектелбей турганын көрсөтүүдө. Орток саясий эрк бара-бара конкреттүү долбоорлорго жана биргелешкен чечимдерге айланып, Кыргызстан менен Түркиянын стратегиялык өнөктөштүгүн дагы бекемдөөдө.

Бүгүн Кыргызстан менен Түркиянын саясий диалогу эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүү менен катар Түрк мамлекеттер уюмунун тышкы саясаттагы орток көз карашын калыптандырууга, аймактагы туруктуулукту бекемдөөгө жана түрк дүйнөсүнүн эл аралык аянтчаларда бирдиктүү, таасирдүү жана күчтүү тарап катары чыгышына маанилүү салым кошууда.

5.2. Экономикалык интеграцияны өнүктүрүү

Экономикалык кызматташтык Түрк мамлекеттер уюмунун аймактык интеграция багытындагы негизги тармактарынын бири болуп саналат. Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык мамилелери эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан бери туруктуу өнүгүп келгени менен, көп жылдар бою колдо болгон мүмкүнчүлүктөр толук пайдаланылган





kalite standartlarının geliştirilmesini, akademik hareketliliğin artırılmasını ve ortak araştırma kapasitesinin güçlendirilmesini hedeflemektedir. Aynı şekilde Orhun Değişim Programı, öğrenci ve akademisyen hareketliliğini teşvik ederek Türk Dünyası ölçeğinde ortak akademik alanın oluşmasına katkı sağlamaktadır.

Türkiye ile Kırgızistan bu mekanizmaların en aktif katılımcıları arasında yer almaktadır. Manas Üniversitesi'nin TURKUNIB içerisindeki etkin rolü ve Orhun Değişim Programı kapsamında yürütülen faaliyetler, iki ülke arasındaki eğitim işbirliğinin yalnızca ikili ilişkiler çerçevesinde değil, TDT'nin çok taraflı eğitim mimarisi içerisinde de derinleştiğini göstermektedir. Böylece eğitim alanındaki işbirliği, bölgesel entegrasyonun kurumsal ve toplumsal boyutunu güçlendiren stratejik bir araç hâline gelmektedir.

Eğitim diplomasisinin önemli bileşenlerinden biri de Türkiye Bursları, TİKA, Yunus Emre Enstitüsü ve diğer akademik ve kültürel değişim programlarıdır. Bu girişimler sayesinde çok sayıda Kırgız öğrenci Türkiye'de eğitim görmekte, ortak bilimsel projeler yürütülmekte ve kültürel etkileşim güçlenmektedir. Bu süreç yalnızca insan kaynağı yetiştirilmesine değil, uzun vadede karşılıklı güven, ortak aidiyet ve kurumsal işbirliği kültürünün gelişmesine de katkı sağlamaktadır.

Türk Devletleri Teşkilatı'nın eğitim alanındaki katkısı, yeni eğitim projeleri geliştirmekten çok daha kapsamlıdır. Asıl katkı, Türkiye ile Kırgızistan arasında otuz yılı aşkın süredir gelişen eğitim ortaklığını bölgesel ölçekte kurumsallaştırması, ortak

эмес. эки өлкөнүн географиялык жактан бири-биринен алыс жайгашуусу, транспорттук инфраструктуранын жетишсиздиги, жүк ташуунун кымбаттыгы, бажы жол-жоболорунун татаалдыгы жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрдүн айырмачылыгы өз ара сооданын өсүшүнө тоскоол болгон негизги себептердин катарына кирди. Ошондуктан экономикалык мамилелерди тереңдетүү үчүн соода көлөмүн көбөйтүү менен катар, аймактагы транспорттук жана соода байланыштарын жакшыртуучу туруктуу механизмдерди түзүү зарылчылыгы келип чыкты.

Түрк мамлекеттер уюмунун бул багыттагы маанилүү салымы – эки өлкөнүн экономикалык кызматташтыгын жалпы түрк дүйнөсүндөгү экономикалык байланыштар менен айкалыштырып, анын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткенинде. Экономика жана соода министрлеринин, бажы органдарынын жетекчилеринин үзгүлтүксүз жолугушуулары, ошондой эле Сооданы жеңилдетүү комитетинин иши аркылуу орток багыттар аныкталып, соодадагы тоскоолдуктарды азайтуу боюнча конкреттүү чаралар көрүлүүдө. Мунун натыйжасында экономикалык кызматташтык барган сайын туруктуу жана системалуу мүнөзгө ээ болууда.

Бул багыттагы эң маанилүү механизмдердин бири – Түрк инвестициялык фонду (ТИФ). Фонддун түзүлүшү аймак-

akademik standartlar oluşturması ve insan kaynağını bölgesel entegrasyonun stratejik bir unsuru hâline getirmesidir. Bu yönüyle eğitim, TDT'nin Türkiye–Kırgızistan ilişkilerine sağladığı en sürdürülebilir ve uzun vadeli katkılardan birini oluşturmaktadır.

5.5. Kültürel Diplomasi, Ortak Kimlik ve Toplumsal Entegrasyon

Türkiye ile Kırgızistan arasındaki kültürel ilişkilerin kurumsallaşmasında Dünya Göçebe Oyunları (World Nomad Games) özel bir yere sahiptir. İlk kez 2014 yılında Kırgızistan'ın ev sahipliğinde TDT Devlet Başkanlarının desteğiyle düzenlenen organizasyon, kısa sürede Türk Dünyası'nın en görünür kültürel etkinliklerinden biri hâline gelmiş; geleneksel sporların yaşatılması, göçebe kültürünün tanıtılması ve ortak tarih bilincinin güçlendirilmesi bakımından uluslararası ölçekte önemli bir platform oluşturmuştur. Türkiye'nin organizasyona aktif katılımı ve sonraki yıllarda ev sahipliği yapması, kültürel işbirliğinin yalnızca sembolik düzeyde kalmadığını, aynı zamanda ortak organizasyon kapasitesi, spor diplomasisi ve kamu diplomasisi açısından da kurumsallaştığını göstermektedir.

Dünya Göçebe Oyunları'nın önemi yalnızca kültürel mirasın tanıtılmasıyla sınırlı değildir. Organizasyon; turizm, spor diplomasisi, medya görünürlüğü, gençlik etkileşimi ve yaratıcı endüstriler gibi farklı alanlarda çok yönlü etkiler üretmektedir. Böylece ortak kültürel değerler, ekonomik işbirliğini destekleyen ve toplumlar arasındaki karşılıklı güveni güçlendiren önemli bir yumuşak güç (soft power) unsuruna dönüşmektedir.

тык интеграцияны өнүктүрүүдө саясий колдоодон тышкары, аны каржылык жактан да колдоо зарылдыгын көрсөттү. Түрк инвестициялык фондунун негизги максаты – мүчө мамлекеттердин ортосундагы инвестициянын көлөмүн көбөйтүү, биргелешкен өндүрүштү өнүктүрүү, чакан жана орто ишканалардын каржы булактарына жетүүсүн жеңилдетүү жана стратегиялык маанидеги инфраструктуралык долбоорлорду колдоо. Ушул жагынан алганда, Фонд долбоорлорду каржылоо менен катар, түрк дүйнөсүндөгү экономикалык жакындашууну тездетүүгө багытталган маанилүү өнүктүрүү куралы болуп саналат.

Экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүүдө мамлекеттик мекемелер менен катар жеке сектордун да жигердүү катышуусу өзгөчө мааниге ээ. Бул багытта Түрк соода-өнөр жай палаталарынын биримдиги (ТСӨПБ) ишкерлерди бир аянтчага бириктирип, инвестициялык шарттарды жакшыртууга, ишкерлердин өз ара байланышын кеңейтүүгө жана жаңы соода өнөктөштүктөрүн түзүүгө көмөк көрсөтүүдө. Жеке сектордун кызматташтыкка кеңири катышуусу экономикалык байланыштардын туруктуу жана узак мөөнөттүү болушу үчүн маанилүү шарттардын бири.

Ошол эле учурда экономикалык кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүү үчүн азыркы мүмкүнчүлүктөрдү толук

Kültürel diplomasi anlayışının doğal bir uzantısı olarak Türk Devletleri Teşkilatı, yalnızca kurumlar arasındaki işbirliğini değil, vatandaşlar arasındaki doğrudan etkileşimi de güçlendirmeyi hedeflemektedir. Bu anlayış doğrultusunda geliştirilen Turkic ID Projesi, üye devlet vatandaşlarının ulusal kimlik kartlarıyla seyahat edebilmesine imkân sağlayacak ortak bir sistem oluşturmayı amaçlamaktadır. Hâlihazırda bazı üye devletler arasında başarıyla uygulanan bu modelin bütün Türk Devletleri Teşkilatı coğrafyasına yaygınlaştırılması yönünde çalışmalar sürdürülmektedir. Kırgızistan ile Türkiye arasında ulusal kimlik kartlarıyla seyahat uygulaması henüz hayata geçirilmemiştir. Turkic ID girişimi kapsamında bu imkânın sağlanması, iki ülke vatandaşlarının karşılıklı seyahatlerini önemli ölçüde kolaylaştıracak ve halklar arasındaki doğrudan temasların daha da gelişmesine katkı sağlayacaktır.

Bu sürecin en dikkat çekici örneklerinden biri Ortak Türk Alfabesi çalışmalarıdır. Türk Akademisi koordinasyonunda yürütülen çalışmalar sonucunda kabul edilen Ortak Türk Alfabesi, Türk dilleri arasında karşılıklı okunabilirliğin artırılmasını, eğitim ve yayıncılık alanlarında ortak standartların geliştirilmesini ve dijital iletişimin kolaylaştırılmasını hedeflemektedir. Bu girişim yalnızca teknik bir alfabe düzenlemesi değil; bilgi dolaşımını hızlandıran, akademik işbirliğini kolaylaştıran ve uzun vadede Türk Dünyası'nda ortak iletişim altyapısının güçlendirilmesine katkı sağlayan stratejik bir kurumsal adımdır.

жана натыйжалуу пайдалануу зарыл. Соода жүгүртүүнү көбөйтүү, транспорттук коридорлорду натыйжалуу пайдалануу, жүк ташуу чыгымдарын азайтуу, бажы жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу жол-жоболорун тездетүү алдыдагы мезгилдин негизги милдеттеринин катарына кирет. Бул максаттарга жетүүдө ТМУнун транспорттук байланышты өнүктүрүү, санариптешүү жана сооданы жеңилдетүү багытындагы механизмдери маанилүү роль ойнойт.

Орток инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдүн, аймактык каржылоо механизмдеринин, жеке секторду бириктирген аянтчалардын жана жалпы өнүгүү максаттарынын аркасында Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык кызматташтыгы түрк дүйнөсүндөгү интеграцияны алдыга жылдырган маанилүү күчтөрдүн бирине айланууда.

5.3. Транспорт жана өз ара байланыш: Орто коридордун стратегиялык мааниси

Транспорт жана өз ара байланыш «Түрк дүйнөсүнүн көз карашы – 2040» концепциясында белгиленген экономикалык интеграциянын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Акыркы жылдары дүйнөлүк соода жолдорунун өзгөрүшү, товар жеткирүү багыттарын диверсификациялоо жана Евразияда

Kültürel bütünleşmeyi destekleyen bir diğer önemli mekanizma ise TÜRKSOY koordinasyonunda yürütülen Türк Dünyası Kültür Başkenti Programıdır. Bu program, her yıl belirlenen şehirlerde kültür, sanat ve turizm faaliyetlerini uluslararası ölçekte görünür kılmakta; şehirler arasında kültürel ağların gelişmesini ve yerel yönetimlerin bölgesel işbirliği süreçlerine daha aktif katılımını teşvik etmektedir. Türkiye ve Kırgızistan›dan şehirlerin bu programa ev sahipliği yapması, kültürel etkileşimi güçlendirirken yerel düzeyde de kurumsal işbirliğinin gelişmesine katkı sağlamaktadır.

Kültürel işbirliğinin uluslararası boyutu da giderek güçlenmektedir. Üye devletlerin UNESCO Somut Olmayan Kültürel Miras çerçevesinde yürüttükleri ortak adaylıklar ve ortak dosya hazırlama girişimleri, Türk Dünyası'nın ortak kültürel değerlerinin uluslararası düzeyde tanınırlığını artırmaktadır. Nevruz başta olmak üzere ortak kültürel miras unsurlarına ilişkin çok uluslu dosyalar, yalnızca kültürel mirasın korunmasına değil, aynı zamanda üye devletlerin uluslararası kültürel yönetişim alanında ortak hareket etme kapasitesinin gelişmesine de katkı sağlamaktadır.

Türk Devletleri Teşkilatı turizmi yalnızca ekonomik bir sektör olarak değil; ortak kültürel mirasın görünürlüğünü artıran, şehirler arasında işbirliğini teşvik eden ve Türk Dünyası kimliğini güçlendiren stratejik bir politika alanı olarak ele almaktadır. Bu doğrultuda geliştirilen "Türk Dünyası Turizm Başkenti" uygulaması, üye ülkelerin tarihî ve kültürel zenginliklerini uluslararası ölçekte tanıtmayı, şehirler arasında sürdürülebilir turizm anlayışını yaygınlaştırmayı ve ortak turizm ürünlerinin geliştirilmesini amaçlamaktadır.

ишенимдүү транспорттук каттамдарга болгон муктаждыктын өсүшү түрк дүйнөсүн байланыштырган транспорттук коридорлордун маанисин дагы арттырды. Бул жагынан алганда, Орто коридор Чыгыш менен Батышты байланыштырган альтернативдүү соода жолу болуу менен катар, түрк мамлекеттеринин экономикалык жакындашуусун тездеткен, аймактар ортосундагы байланышты бекемдеген жана Евразиядагы жүк ташуу багыттарын өнүктүрүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачкан стратегиялык долбоор болуп саналат.

Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык мамилелеринин өнүгүшүндө транспорт маселеси ар дайым маанилүү орунду ээлеп келген. Эки өлкөнүн ортосундагы географиялык аралыктын алыстыгы, транзиттик өтмөктөрдөгү жол-жоболор, Каспий деңизи аркылуу өтүүдөгү кыйынчылыктар жана жүк ташуунун кымбаттыгы көп жылдар бою өз ара сооданын мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалануу га тоскоолдук кылып келди. Ошондуктан транспорт тармагындагы кызматташтык жаңы инфраструктураны куруу менен катар, орток стандарттарды иштеп чыгууну, бажы жол-жоболорун жеңилдетүүнү жана санариптик мүмкүнчүлүктөрдү кеңири пайдалануу ну да камтышы керек.

Түрк мамлекеттер уюму транспорт тармагындагы кызматташтыкты дал ушун-

lebilir turizm ağları oluşturmayı ve ortak turizm rotalarının geliştirilmesini amaçlamaktadır.

Bu kapsamda, Kırgızistan'ın Celal-Abad şehri (günümüzde Manas adıyla) 2025 yılı Türk Dünyası Turizm Başkenti ilan edilmiş; bu karar doğrultusunda uluslararası turizm forumları, kültürel etkinlikler, yatırım toplantıları ve tanıtım faaliyetlerini içeren kapsamlı bir yol haritası uygulanmıştır. Daha sonra unvanın 2026 yılı için Ankara'ya devredilmesi, uygulamanın süreklilik kazanan kurumsal bir mekanizmaya dönüştüğünü ve şehirler arasında işbirliğini teşvik eden önemli bir platform hâline geldiğini göstermektedir.

Turizm alanındaki bu işbirliği, Türk İpek Yolu girişimi, Tabarruk Ziyarat projesi, Türk Dünyası Kayak Merkezleri Birliği, ortak tanıtım kampanyaları ve geliştirilen dijital turizm platformlarının yanı sıra, üye devlet vatandaşlarının Türk Dünyası genelindeki müzelere tek bir kartla erişimini sağlamayı amaçlayan ve hazırlık süreci devam eden Ortak Müze Kartı projesi ile daha da güçlendirilmektedir. Böylece turizm, yalnızca ziyaretçi hareketliliğini artıran bir sektör olmanın ötesinde; kültürel diplomasi, yerel kalkınma, şehirler arası işbirliği ve ekonomik entegrasyonu destekleyen çok boyutlu bir politika alanına dönüşmektedir.

Dünya Göçebe Oyunları'ndan Ortak Türk Alfabesi çalışmalarına, Kültür ve Turizm Başkenti uygulamalarından Tabarruk Ziyarat Projesi'ne, UNESCO girişimlerinden ortak kültürel miras projelerine kadar geliştirilen ortak çalışmalar; yalnızca kültürel etkileşimi artırmamakta, aynı zamanda turizdай кеңири негизде өнүктүрүп келет. Транспорт министрлеринин үзгүлтүксүз жыйындары, техникалык жумушчу топтор жана координациялык механизмдер аркылуу транспорт, соода, бажы жана логистика өз ара тыгыз байланышкан багыттар катары каралууда. Бул иштердин алкагында мүчө мамлекеттердин ортосунда орток стандарттарды киргизүү жана транспорттук байланыштарды жакшыртуу боюнча конкреттүү кадамдар жасалууда.

Бул багытта Орто коридор (Trans-Caspian East–West Middle Corridor) жана анын негизги бөлүктөрүнүн бири болгон Транскаспий эл аралык транспорттук маршруту (Trans-Caspian International Transport Route – TITR) түрк мамлекеттеринин ортосундагы транспорттук байланышты чыңдоодо өзгөчө мааниге ээ. Кытайдан башталып, Борбордук Азия, Каспий деңизи, Түштүк Кавказ жана Түркия аркылуу Европага чейин созулган бул багыт жүк ташууну жеңилдетүү менен катар соода жолдорун кеңейтүүгө, товар жеткирүүнүн коопсуздугун жогорулатууга жана Евразияда жаңы экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө өбөлгө болууда.

Акыркы жылдары өзгөчө мааниге ээ болгон транспорттук долбоорлордун бири – Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолу (China–Kyrgyzstan–Uzbekistan Railway – CKU Railway). Көп жылдар бою

mi, gençlik hareketliliğini, yerel kalkınmayı ve toplumlar arasındaki karşılıklı güveni de desteklemektedir.

5.6. Sağlık İşbirliği, Afet Diplomasisi ve Bölgesel Dayanıklılık

Sağlık ve afet yönetimi, son yıllarda uluslararası örgütlerin işlev alanlarının önemli bileşenlerinden biri hâline gelmiştir. COVID-19 pandemisi, küresel sağlık krizlerinin ve doğal afetlerin yalnızca ulusal politikalarla yönetilemeyeceğini; bölgesel koordinasyon, bilgi paylaşımı ve ortak müdahale kapasitesinin giderek daha kritik hâle geldiğini ortaya koymuştur. Bu gelişmeler doğrultusunda Türk Devletleri Teşkilatı da sağlık diplomasisi ve afet yönetimini kurumsal işbirliğinin öncelikli alanları arasına dâhil etmiş; Türkiye ile Kırgızistan arasındaki işbirliği bu süreçte önemli ölçüde derinleşmiştir.

Türkiye ile Kırgızistan arasındaki sağlık işbirliğinin en somut örneklerinden biri, Bişkek'te faaliyet gösteren Recep Tayyip Erdoğan Bişkek Kırgız-Türk Dostluk Devlet Hastanesidir. Türkiye Cumhuriyeti ile Kırgız Cumhuriyeti arasında geliştirilen ortak yönetim modeliyle hizmet veren hastane, ileri tanı ve tedavi hizmetlerinin yanı sıra sağlık personelinin eğitimi, uzmanlık kapasitesinin geliştirilmesi ve bilgi transferi açısından da önemli bir işlev üstlenmektedir. Türk ve Kırgız sağlık çalışanlarının birlikte görev yaptığı bu model, yalnızca modern bir sağlık altyapısının oluşturulmasını değil; aynı zamanda sürdürülebilir kurumsal işbirliği ve kapasite geliştirilmesini de sağlamaktadır. Organ nakli başta olmak üzere ileri uzmanlık gerektiren birçok alanda hizmet

талкууланып, бүгүнкү күндө ишке ашыруу баскычына өткөн бул долбоор үч өлкөнү байланыштырган жаңы темир жол болуу менен катар, Борбордук Азиядагы чыгыш-батыш транспорттук каттамдарын өнүктүрүүдө стратегиялык маанига ээ. Темир жол толук ишке киргенден кийин Кыргызстандын аймактагы маанилүү логистикалык борборлордун бирине айланышына, Кытай менен Борбордук Азиянын ортосундагы жүк ташуу багыттарынын кеңейишине жана жүктөрдүн Орто коридор аркылуу Каспий деңизи, Түштүк Кавказ жана Түркиядан өтүп, Европа базарларына натыйжалуу жеткирилишине жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылары күтүлүүдө. Бул жагынан Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолу ТМУнун транспорттук байланыштарды кеңейтүү максаттарын толуктап, Орто коридордун чыгыш бөлүгүн бекемдей турган стратегиялык инфраструктуралык долбоор болуп саналат.

Бул долбоор Кыргызстандын географиялык жайгашуусун экономикалык артыкчылыкка айландырууга да чоң мүмкүнчүлүк берет. Темир жолдун курулушу Кыргызстандын деңизге түз чыга албаган өлкө катары транспорттук чектөөлөрүн азайтып, Евразиядагы ири транспорттук каттамдарды байланыштырган маанилүү өлкөлөрдүн бирине айланышына шарт түзөт. Мындай мүмкүнчүлүк ТМУнун мүчө мамлекеттердин ортосундагы транспорттук байланышты чыңдоо жана

veren hastane, Türkiye ile Kırgızistan arasındaki stratejik ortaklığın sağlık alanındaki en görünür ve başarılı örneklerinden biri olarak öne çıkmaktadır.

Türk Devletleri Teşkilatı bünyesinde geliştirilen ortak girişimler de bu ikili işbirliğini tamamlamaktadır. Bunların başında gelen TURKTRANSPLANT Ortak Bilgi Sistemi, 2024 yılında Şuşa›da gerçekleştirilen Sağlık Bakanları Toplantısı kapsamında imzalanan Niyet Protokolü ile başlatılmış; organ nakli alanında bilgi paylaşımını güçlendirmeyi, ortak dijital altyapı oluşturmayı ve üye ülkeler arasında teknik kapasitenin geliştirilmesini hedeflemiştir. Bunun yanında yürütülen Turkic Pharmacopoeia çalışmaları ilaç standartlarının uyumlaştırılmasına yönelik ortak bir çerçeve oluşturmayı amaçlarken, TURKEMT (Turkic Emergency Medical Team) girişimi ise acil sağlık ekiplerinin ortak eğitim, koordinasyon ve müdahale kapasitesinin geliştirilmesine odaklanmaktadır. Bu girişimler, Türk Devletleri Teşkilatı'nın sağlık alanındaki işbirliğini bilgi paylaşımının ötesine taşıyarak ortak kapasite inşasına yöneldiğini göstermektedir.

Sağlık alanındaki bu kurumsal dönüşüm, Dünya Sağlık Örgütü (WHO) Avrupa Bölge Ofisi ile geliştirilen stratejik ortaklık sayesinde uluslararası bir boyut da kazanmıştır. Taraflar arasında yürürlüğe konulan ortak eylem planları çerçevesinde sağlık sistemlerinin dayanıklılığının artırılması, acil durumlara hazırlık, sağlık çalışanlarının eğitimi, liderlik programları ve sağlık acil durumlarının yönetimi gibi alanlarda kapsamlı işbirliği yürütülmektedir. Böylece Türk Devletleri Teşkilatı, yalnızca bölgesel

Борбордук Азияны дүйнөлүк соода жолдору менен дагы тыгыз байланыштыруу-га багытталган максаттарына толук шайкеш келет.

Түрк мамлекеттер уюму транспорттук коридорлорду бири-биринен өзүнчө долбоорлор катары эмес, Евразияны байланыштырган бирдиктүү транспорттук тармактын өз ара толуктап турган бөлүктөрү катары карайт. Орто коридорду, Транскаспий эл аралык транспорттук маршрутун, Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун жана аймактагы башка транспорттук долбоорлорду бирдиктүү система катары өнүктүрүүнүн максаты жүк ташууну жеңилдетүүдөн кыйла кеңири мааниге ээ. Башкы максат – түрк дүйнөсүндө товарлардын жана жүктөрдүн тез, ишенимдүү жана туруктуу ташылышына шарт түзгөн, атаандаштыкка жөндөмдүү жалпы экономикалык мейкиндикти калыптандыруу.

Бул процессте Кыргызстан менен Түркиянын мүмкүнчүлүктөрү бири-бирин толуктап турат. Түркия өнүккөн логистикалык инфраструктурасы жана Европа базарларына чыгуучу стратегиялык жайгашуусу менен Орто коридордун батыш бөлүгүндө маанилүү орунду ээлейт. Кыргызстан болсо Борбордук Азиядагы стратегиялык жайгашуусунун аркасында аймактагы транспорттук каттамдарды өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Мындай мүмкүнчүлүктөр эки өлкөнүн транс-

sağlık işbirliğini güçlendiren bir platform değil, aynı zamanda küresel sağlık yönetişiminin güvenilir ortaklarından biri hâline gelmektedir.

Sağlık diplomasisinin en güçlü örneklerinden biri ise 2023 Kahramanmaraş depremleri sonrasında ortaya çıkan dayanışma olmuştur. Depremlerin hemen ardından tüm Türk Dünyası ve Kırgızistan; arama-kurtarma ekipleri, sağlık personeli, sahra hastanesi ve insani yardım malzemeleriyle Türkiye'ye hızlı destek sağlamış; bu süreç iki ülke arasındaki kardeşlik bağlarının kriz zamanlarında da güçlü biçimde sürdüğünü göstermiştir. Bu dayanışma yalnızca insani yardım açısından değil, Türk Devletleri Teşkilatı bünyesinde afet yönetiminin kurumsallaştırılması bakımından da önemli bir dönüm noktası olmuştur.

Nitekim Şubat 2023 yılında Türkiye'yi vuran depremlerin hemen ardından Ankara'da gerçekleştirilen TDT Olağanüstü Zirvesinde afet yönetimi, Teşkilatın öncelikli gündemlerinden biri hâline gelmiş; bu süreç 2024 yılında kabul edilen Türk Devletleri Teşkilatı Sivil Koruma Mekanizması ile kurumsal bir çerçeveye kavuşturulmuştur. Mekanizma; afet risklerinin azaltılması, erken uyarı sistemlerinin geliştirilmesi, ortak tatbikatların düzenlenmesi, arama-kurtarma ekiplerinin koordinasyonu, insani yardım kapasitesinin güçlendirilmesi ve acil durumlarda hızlı müdahalenin sağlanmasını amaçlamaktadır.

Sağlık ve afet yönetimi alanında geliştirilen bu mekanizmalar, Türk Devletleri Teşkilatı'nın işbirliği anlayışının, ortak hazırlık, kapasite geliştirme ve kurumsal ko-

порт тармагындагы кызматташтыгын транзиттик жүк ташуунун чегинен кеңейтип, аймактык экономикалык интеграциянын маанилүү бөлүгүнө айлантууда.

Транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү менен катар соода жол-жоболорун санариптештирүү жана чек арадан өтүүнү жеңилдетүү да ТМУнун негизги багыттарынын бири. Бул максатта Жөнөкөйлөштүрүлгөн бажы коридору (Simplified Customs Corridor), ePermit, e-TIR, e-CMR, электрондук бажы системалары жана Сандариптик экономика боюнча өнөктөштүк келишиминин (DEPA) алкагындагы иштер өз ара байланышта жүргүзүлүүдө. Бул механизмдер бажы жол-жоболорун жакындаштырууга, тобокелдиктерди башкарууну жакшыртууга, документтерди электрондук форматка өткөрүүгө жана чек арадан өтүүгө кеткен убакытты кыскартууга багытталган. Натыйжада транспорттук инфраструктура санариптик мүмкүнчүлүктөр менен толукталып, жүк ташуу жана соода процесстерин тезирээк, ачык-айкын жана натыйжалуу жүргүзүүгө шарт түзүлүүдө.

Транспорттук байланыштардагы бул өзгөрүүлөр жалпы түрк дүйнөсүндө логистика, соода жана инвестицияны өз ара байланышта өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүдө. Натыйжада транспорт тармагындагы кызматташтык экономикалык өнүгүү, санариптешүү жана сооданы жеңилдетүү багыттары менен тыгыз айкалышууда.

ordinasyonu esas alan bütüncül bir modele dönüştüğünü göstermektedir. Ortak sağlık standartlarının geliştirilmesi, dijital sağlık altyapılarının güçlendirilmesi, sağlık personelinin eğitimi, afet risklerinin azaltılması ve acil durumlara yönelik ortak müdahale kapasitesinin artırılması sayesinde Türkiye ile Kırgızistan arasındaki işbirliği, geleneksel teknik işbirliğinin ötesine geçerek uzun vadeli ve sürdürülebilir bir stratejik ortaklığa dönüşmektedir.

5.7. Çevre, İklim Değişikliği ve Yeşil Dönüşüm

İklim değişikliği, kuraklık, su kaynaklarının sürdürülebilir yönetimi, çölleşme ve biyolojik çeşitliliğin korunması gibi çevresel sorunlar, günümüzde ulusal sınırları aşan ortak meydan okumalar hâline gelmiştir. Bu nedenle çevre ve iklim politikaları, Türk Devletleri Teşkilatı'nın son yıllarda en fazla önem verdiği yeni işbirliği alanlarından biri olarak öne çıkmaktadır. Teşkilat, çevre politikalarını yalnızca doğal kaynakların korunmasına yönelik sektörel bir konu olarak değil; ekonomik kalkınma, enerji güvenliği, ulaştırma, tarım ve afet risklerinin azaltılmasıyla doğrudan bağlantılı stratejik bir politika alanı olarak değerlendirmektedir.

Bu yaklaşımın en kapsamlı çerçevesi, 2024 yılında Bişkek'te düzenlenen 11. Devlet Başkanları Zirvesi'nde kabul edilen Türk Dünyası Yeşil Vizyonu – Sürdürülebilir Bir Gelecek İçin Birlik (Turkic Green Vision: Unity for a Sustainable Future) olmuştur. Yeşil Vizyon; iklim değişikliğiyle mücadele, su kaynaklarının sürdürülebilir yönetimi, yenilenebilir enerji, çevre dostu ulaştırma sistemleri, biyolojik çeşitliliğin korunması

Кыргызстан менен Түркиянын бул багыттагы тыгыз кызматташтыгы эки өлкөнүн экономикалык мамилелерин бекемдөө менен бирге, түрк дүйнөсүндө Евразияны байланыштырган ишенимдүү, туруктуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү транспорттук тармакты түзүү максатына да маанилүү салым кошууда.

5.4. Билим берүү, илим жана адам ресурстары жаатындагы кызматташтык: аймактык интеграциянын коомдук негизи

Кыргызстан менен Түркиянын мамилелеринин өзгөчөлүктөрүнүн бири – билим берүү тармагындагы кызматташтык дипломатиялык мамилелер менен катар өнүгө баштагандыгы. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки алгачкы жылдарда ишке ашырыла баштаган билим берүү долбооорлору адистерди даярдоо менен катар, эки элдин ортосундагы узак мөөнөттүү байланыштарды бекемдөөгө, билим берүү жана илим тармагындагы кызматташтыкты биргелешип өнүктүрүүгө багытталган. Ошентип, билим берүү эки тараптуу мамилелердин кошумча багыты болбостон, стратегиялык өнөктөштүктүн коомдук негизин түзгөн маанилүү тармактардын бирине айланды.

Бул багыттагы кызматташтыктын эң маанилүү мисалы – Кыргыз–Түрк «Манас» университети. 1995-жылы негизделген университет эки өлкө биргелешип

3-таблица. ТМУнун алкагында транспорттук байланышты чыңдоого багытталган негизги демилгелер жана алардын Кыргызстан–Түркия кызматташтыгына кошкон салымы

Демилге / механизм	Негизги максаты	Кыргызстан–Түркия кызматташтыгына кошкон салымы
Орто коридор	Азия менен Европанын ортосунда коопсуз, ыкчам жана туруктуу соода жолун түзүү	Кыргызстан менен Түркиянын соода, инвестиция жана транспорттук байланыштарын бекемдеп, экономикалык кызматташтыктын кеңейишине өбөлгө түзөт
Транскаспий эл аралык транспорттук маршруту	Орто коридор аркылуу жүк ташууну натыйжалуу уюштуруу	Каспий деңизи аркылуу жүк ташууну жакшыртып, жеткирүү мөөнөтүн кыскартууга жана логистикалык чыгымдарды азайтууга өбөлгө түзөт
Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолу	Кытай менен Борбордук Азиянын ортосунда жаңы темир жол байланышын түзүү	Кыргызстандын аймактык логистикалык борбор катары ролун күчөтүп, Орто коридордун чыгыш бөлүгүнүн өнүгүшүнө шарт түзөт
Жөнөкөйлөштүрүлгөн бажы коридору	Бажы жол-жоболорун жакындаштыруу жана чек арадан өтүүнү тездетүү	Соода чыгымдарын азайтып, Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда товар жүгүртүүнү жеңилдетет
ePermit системасы	Автомобиль транспорту үчүн уруксат кагаздарын электрондук форматка өткөрүү	Жүк ташуу жол-жоболорун тездетип, ашыкча кагаз иштерин азайтууга жана чек арадан өтүүнү жеңилдетүүгө шарт түзөт
e-TIR жана e-CMR системалары	Эл аралык жүк ташуу документтерин электрондук форматка өткөрүү	Документ алмашууну тездетип, жүк ташуу иштеринин ачык-айкындуулугун жогорулатат жана эл аралык ташууларды жеңилдетет
Санариптик экономика боюнча өнөктөштүк келишими (DEPA)	Санариптик соода, маалымат алмашуу жана электрондук кызматтар боюнча орток эрежелерди иштеп чыгуу	Транспорттук коридорлорду санариптик соода мүмкүнчүлүктөрү менен толуктап, экономикалык интеграцияны тереңдетүүгө шарт түзөт
Транспорт министрлеринин жыйындары жана техникалык жумушчу топтор	Транспорт тармагындагы орток багыттарды аныктоо жана ишти өз ара макулдашуу	Орток стандарттарды иштеп чыгууга, транспорттук долбоорлорду биргелешип жүргүзүүгө жана кабыл алынган чечимдерди ишке ашырууга өбөлгө түзөт

ve iklim değişikliğine uyum kapasitesinin geliştirilmesi gibi alanlarda ortak hareket edilmesini öngören kapsamlı bir yol haritası niteliğindedir.

TDT'nin çevre ve iklim alanındaki ku-

каржылаган жана башкарган эл аралык жогорку окуу жайы катары Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы билим берүү жана илимий кызматташтыктын маанилүү символуна айланып, жалпы

rumsal işbirliği, 2024 yılında Azerbaycan'ın ev sahipliğinde Bakü'de düzenlenen Birleşmiş Milletler İklim Değişikliği Çerçeve Sözleşmesi 29. Taraflar Konferansı (COP29) sürecinde yeni bir kurumsal boyut kazanmıştır. Teşkilat Sekretaryasının girişimiyle COP29 kapsamında gerçekleştirilen Türk Devletleri Teşkilatı Çevre ve Ekoloji Alanından Sorumlu Bakanların Birinci Toplantısı, çevre ve iklim değişikliği alanında TDT bünyesinde kalıcı bir işbirliği mekanizmasının oluşturulmasına zemin hazırlamıştır. Toplantıda kabul edilen Bakanlar Deklarasyonu ile üye devletler; iklim değişikliği, biyolojik çeşitlilik, çevrenin korunması ve sürdürülebilir kalkınma alanlarında ortak stratejiler geliştirme yönündeki iradelerini teyit etmişlerdir. Böylece çevre ve iklim işbirliği, Türk Devletleri Teşkilatı'nın kurumsal çalışma alanları arasına resmen dâhil edilmiştir.

Geliştirilmesi planlanan Yeşil Trans-Hazar Doğu–Batı Orta Koridoru, İklim Değişikliği Eğitim ve Farkındalık Programı ile Akıllı Yeşil Şehirler Girişimi, çevre politikalarının ulaştırma, enerji, şehircilik ve dijital dönüşüm politikalarıyla bütünleşik şekilde ele alındığını göstermektedir. Böylece çevre işbirliği, sürdürülebilir kalkınmanın bütün boyutlarını kapsayan ortak bir politika alanına dönüşmektedir.

Çevre alanındaki en dikkat çekici kurumsal girişimlerden biri ise Türk Devletleri Teşkilatı Kuraklık Önleme Enstitüsü (Drought Prevention Institute – DPI) olmuştur. Enstitü, 10 Kasım 2022 tarihinde Semerkant'ta Macaristan Dışişleri ve Ticaret Bakanlığı ile Türk Devletleri Teşkilatı Sekretaryası arasında imzalanan anlaşmayla kurulmuş; Ma-

түрк дүйнөсүндө да өзгөчө орунга ээ болду. Бүгүнкү күндө университеттин миңдеген бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик башкаруу, дипломатия, илим-билим, жеке сектор жана жарандык коом тармактарында эмгектенип, эки өлкөнүн ортосундагы узак мөөнөттүү кызматтык жана коомдук байланыштардын бекемделишине салым кошуп келишет.

Түрк мамлекеттер уюмунун түзүлүшү менен билим берүү тармагындагы кызматташтык эки тараптуу деңгээлден чыгып, көп тараптуу механизмдер аркылуу дагы кеңейди. Бул багытта иш алып барган Түрк университеттер биримдиги (ТҮРКУНИБ) мүчө мамлекеттердин жогорку окуу жайлары үчүн билим берүүнүн жалпы сапат талаптарын иштеп чыгууга, студенттер менен окутуучулардын алмашуусун кеңейтүүгө жана биргелешкен илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө багытталган. Ошондой эле Орхун алмашуу программасы студенттер менен окутуучулардын түрк мамлекеттеринин университеттеринде билим алып, тажрыйба бөлүшүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп, түрк дүйнөсүндө жалпы билим берүү жана илимий мейкиндиктин калыптанышына өбөлгө болууда.

Кыргызстан менен Түркия бул механизмдерге жигердүү катышып келе жаткан мамлекеттердин катарына кирет. «Манас» университетинин Түрк университеттер биримдигине активдүү

caristan'ın kuraklıkla mücadele konusundaki bilgi birikimini ve teknolojik tecrübesini Türk Devletleri ile paylaşmayı amaçlamıştır.

Bu girişimin Türkiye–Kırgızistan ilişkileri bakımından ayrı bir önemi bulunmaktadır. Enstitünün ilk pilot uygulamaları Kırgızistan'ın Batken bölgesinde hayata geçirilmiş; kuraklığa dayanıklı tarım ürünlerinin yaygınlaştırılması ve düşük verimli arazilerin saksaul ağaçlandırmasıyla rehabilite edilmesine yönelik projeler başlatılmıştır. Böylece TDT'nin çevre politikaları, strateji belgelerinde yer alan hedeflerden ibaret kalmayarak sahada somut uygulamalara dönüşmeye başlamıştır. Bu projeler aynı zamanda iklim değişikliğine uyum, sürdürülebilir arazi yönetimi ve kırsal kalkınmanın birlikte ele alındığı bütüncül bir yaklaşımın da başarılı örneklerini oluşturmaktadır.

5.8. Dijital Dönüşüm, Yapay Zekâ ve Uzay Teknolojileri Alanında İşbirliği

Bu alandaki en önemli girişimlerden biri Dijital Ekonomi Ortaklık Anlaşması (Digital Economy Partnership Agreement – DEPA) sürecidir. DEPA; dijital ticaretin kolaylaştırılması, elektronik ticaret altyapılarının geliştirilmesi, elektronik imza ve dijital kimlik uygulamalarının yaygınlaştırılması, veri akışının kolaylaştırılması ve dijital kamu hizmetlerinde ortak standartların oluşturulmasını hedeflemektedir. Böylece ekonomik entegrasyon ulaştırma koridorları ve fiziksel ticaretin yanı sıra, dijital bağlantısallık yoluyla da derinleşmektedir.

Türk Devletleri Teşkilatı'nın dijital gündemindeki en yenilikçi alanlardan biri de yapay zekâdır. Son yıllarda başlatılan Türk

катышуусу жана Орхун алмашуу программасындагы иштери, эки өлкөнүн билим берүү тармагындагы кызматташтыгы ТМУнун алкагында да кеңейип жатканын көрсөтөт. Мунун аркасында билим берүү мамлекеттердин гана эмес, коомдордун да өз ара жакындашуусуна шарт түзүп, аймактык интеграцияны бекемдөөнүн маанилүү багыттарынын бирине айланууда.

Билим берүү тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүүдө «Түркия стипендиялары», ТИКА, Юнус Эмре институту, ошондой эле башка билим берүү жана маданий алмашуу программалары да маанилүү роль ойнойт. Бул мүмкүнчүлүктөрдүн аркасында көптөгөн кыргызстандык студенттер Түркияда билим алып, эки өлкөнүн окумуштуулары биргелешкен илимий долбоорлорду ишке ашырып, маданий байланыштар дагы бекемделүүдө. Мындай кызматташтык адистерди даярдоого өбөлгө түзүп, ошол эле учурда келечекте эки өлкөнүн ортосундагы өз ара ишенимди чыңдоого, жакындык сезимин бекемдөөгө жана биргелешип иш алып баруу тажрыйбасын өнүктүрүүгө да өбөлгө түзөт.

Түрк мамлекеттер уюму билим берүү тармагында жаңы долбоорлорду ишке ашырууга көмөк көрсөтүп, Кыргызстан менен Түркиянын отуз жылдан ашуун убакыттан бери калыптанган өнөктөштүгүн жалпы түрк дүйнөсүнүн деңгээлине

Büyük Dil Modeli (Turkic Large Language Model – TLLM) girişimi, Türk dilleri için ortak bir yapay zekâ altyapısı geliştirmeyi amaçlamaktadır. Proje; yalnızca dil teknolojilerinin geliştirilmesine değil, eğitim, araştırma, kamu hizmetleri ve dijital içerik üretimi alanlarında ortak kapasitenin artırılmasına da katkı sağlamayı hedeflemektedir. Ayrıca TLLM girişimi, Türk dillerinin dijital dünyada daha güçlü temsil edilmesi, ortak dijital kültürel mirasın korunması ve yapay zekâ uygulamalarında Türk dilleri arasındaki etkileşimin güçlendirilmesi bakımından da stratejik önem taşımaktadır. Bu girişim, Teşkilatın dijital işbirliğini yazılım ve veri ekosisteminin ötesine taşıyarak ileri teknoloji alanlarında ortak kapasite geliştirme anlayışını güçlendirmektedir.

Bu yaklaşımın somut yansımalarından biri de 12U TDT-SAT Küp Uydu Projesidir. Projenin temel amacı, Türk Devletleri arasında ortak bir küp uydu geliştirilmesi yoluyla teknik bilgi paylaşımını, ortak mühendislik kabiliyetlerinin geliştirilmesini ve uzay teknolojileri alanında sürdürülebilir kurumsal işbirliğinin oluşturulmasını sağlamaktır. TDT-SAT, Türk Devletleri arasında bilimsel ve teknolojik işbirliğinin kurumsallaşmasına katkı sağlayan yeni nesil stratejik girişimlerden biri olarak öne çıkmaktadır. Türkiye'nin uzay sanayii ve uydu teknolojileri alanında son yıllarda kaydettiği önemli ilerleme ile Kırgızistan'ın genç ve nitelikli insan kaynağı potansiyeli, bu proje kapsamında birbirini tamamlayan önemli avantajlar sunmaktadır.

чыгарууда маанилүү роль ойнойт. Ошондой эле бул кызматташтыкты туруктуу механизмдер аркылуу мындан ары өнүктүрүүгө шарт түзөт. Ошол эле учурда жалпы академиялык талаптарды жакындаштырууга жана адам ресурстарын аймактык интеграциянын маанилүү бөлүгү катары өнүктүрүүгө шарт түзүлүүдө. Ушул жагынан алганда, билим берүү ТМУнун Кыргызстан–Түркия мамилелеринин өнүгүшүнө кошуп жаткан эң туруктуу жана узак мөөнөттүү салымдарынын бири болуп саналат.

5.5. Маданий дипломатия, орток баалуулуктар жана элдердин жакындашуусу

Кыргызстан менен Түркиянын маданий кызматташтыгында Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары (World Nomad Games) өзгөчө орунду ээлейт. Алгач 2014-жылы Кыргызстандын демилгеси жана ТМУга мүчө мамлекет башчыларынын колдоосу менен өткөрүлгөн бул ири иш-чара кыска убакыт ичинде түрк дүйнөсүнүн эң таанымал маданий долбоорлорунун бирине айланды. Оюндар салттуу спорт түрлөрүн сактап калууга, көчмөн маданиятын дүйнөгө таанытууга жана орток тарых тууралуу түшүнүктү бекемдөөгө чоң салым кошту. Түркиянын Оюндар-

6. Geleceğe Bakış: Türk Devletleri Teşkilatı Çerçevesinde Türkiye–Kırgızistan Stratejik Ortaklığının Yeni Ufukları

Türkiye ile Kırgızistan arasındaki diplomatik ilişkilerin otuz beş yıllık serüveni, iki kardeş ülke arasındaki ilişkilerin zaman içerisinde nasıl çok boyutlu ve kurumsal bir stratejik ortaklığa dönüştüğünün en başarılı örneklerinden biridir. Bugün ulaşılan seviye, yalnızca ortak tarih, dil ve kültürel yakınlığın doğal bir sonucu değildir. Aynı zamanda karşılıklı güvene dayalı siyasi iradenin, güçlü kurumsal yapıların ve uzun vadeli ortak vizyonun ürünüdür.

Bugün geldiğimiz noktada, otuz beş yıllık tecrübe açıkça göstermektedir ki, Türk Devletleri Teşkilatı'nın Türkiye ile Kırgızistan arasındaki ilişkilere en önemli katkısı, yeni işbirliği alanları oluşturmasından ziyade, mevcut stratejik ortaklığın niteliğini dönüştürmüş olmasıdır. Teşkilat sayesinde iki kardeş ülke arasındaki ilişkiler; siyasi diyalogdan kurumsal yönetişime, ticaretten bölgesel ekonomik entegrasyona, ulaştırmadan bağlantısallık ağlarına, kültürel yakınlıktan halklar arasındaki etkileşime ve teknik işbirliğinden ortak kapasite inşasına uzanan çok boyutlu bir yapıya kavuşmuştur. Bugün Kırgızistan ile Türkiye arasındaki ortaklık, ikili ilişkilerin ötesine geçerek Türk Devletleri Teşkilatı çerçevesinde gelişen çok taraflı iş birliğinin önemli bir parçası hâline gelmiştir. İki ülke, siyasi, ekonomik, ulaştırma, kültür ve diğer alanlarda hayata geçirilen ortak girişimler aracılığıyla ikili ilişkilerini daha da güçlendirirken, aynı zamanda Türk Dünyası genelinde iş birliğinin derinleşmesine de önemli katkılar sağlamaktadır.

га жигердүү катышып, кийин өзү да өткөрүшү маданий кызматташтык символдук мааниден кыйла кеңири мүнөзгө ээ болгонун көрсөттү. Ал биргелешкен ири иш-чараларды уюштуруу, спорттук дипломатия жана коомдук дипломатия сыяктуу багыттарды да камтый баштады.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары маданий мурасты кеңири таанытуу менен катар, туризмди өнүктүрүүгө, спорт аркылуу эл аралык байланыштарды чыңдоого, түрк дүйнөсүн кеңири таанытууга, жаштардын өз ара байланышын күчөтүүгө жана чыгармачыл тармактарды өнүктүрүүгө да чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Ушунун аркасында орток маданий баалуулуктар элдердин бири-бирине болгон ишенимин арттырган жана экономикалык кызматташтыкка да көмөк көрсөткөн маанилүү жумшак күчтүн (soft power) булагына айланууда.

Маданий дипломатиянын дагы бир маанилүү багыты – түрк мамлекеттеринин жарандарынын өз ара каттамын жана түз байланышын жеңилдетүү. Ушул максатта иштелип чыккан Turkic ID долбоо-

Son Söz

Türkiye ile Kırgızistan arasındaki diplomatik ilişkilerin otuz beşinci yıl dönümü, yalnızca geçmişi değerlendirmek için değil, geleceğe dair ortak hedeflerimizi yeniden teyit etmek için de önemli bir fırsattır. Bugün gururla söyleyebiliriz ki, otuz beş yıl önce kardeşlik ve karşılıklı güven temelinde başlayan bu yolculuk, artık ortak kurumlara, ortak projelere ve ortak bir geleceğe dayanan güçlü bir stratejik ortaklığa dönüşmüştür.

Türk Devletleri Teşkilatı çerçevesinde hayata geçirilen her yeni girişim, halklarımız arasındaki kardeşlik bağlarını daha da güçlendirmektedir. Türk dünyasının gerçek gücü, geleceğini birlikte inşa etme yönündeki ortak hedefinde yatmaktadır.

En büyük temennim, Türkiye ile Kırgızistan arasındaki sarsılmaz kardeşlik bağlarının, Türk Devletleri Teşkilatı çatısı altında daha da güçlenerek Türk Dünyası'nın birlik, barış, istikrar ve ortak refahına kalıcı katkılar sunmaya devam etmesidir. Tarihimizden aldığımız güç, dayanışma ruhu ve geleceğe ilişkin müşterek vizyonumuz sayesinde, daha güçlü, daha bağlantılı ve daha müreffeh bir Türk Dünyası'nı birlikte inşa edeceğimize yürekten inanıyorum.

"Türkiye ile Kırgızistan arasındaki kardeşlik, geçmişten devraldığımız ortak mirasın bir tezahürü olduğu kadar, gelecek nesillere birlikte emanet edeceğimiz güçlü, bütünleşmiş ve müreffeh Türk Dünyası'nın da en sağlam teminatıdır".

ру мүчө мамлекеттердин жарандарына улуттук ID-карталары менен саякаттоого мүмкүнчүлүк бере турган жалпы системаны түзүүнү көздөйт. Азыркы учурда айрым мүчө мамлекеттердин ортосунда колдонулуп жаткан бул тажрыйбаны келечекте ТМУнун бардык өлкөлөрүнө жайылтуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда ID-карталар менен жүрүү тартиби азырынча киргизиле элек. Turkic ID демилгесинин алкагында мындай мүмкүнчүлүктүн түзүлүшү эки өлкөнүн жарандарынын өз ара сапарларын кыйла жеңилдетип, адамдар ортосундагы байланыштардын дагы да кеңейишине өбөлгө түзөт.

Башка эң маанилүү демилгелердин бири – Орток түрк алфавити. Түрк академиясынын координациясы менен жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында кабыл алынган Орток түрк алфавити түрк тилдеринде жазылган тексттерди бири-бирине жеңилирээк окуп-түшүнүүгө, билим берүү жана басма ишинде жалпы талаптарды жакындаштырууга, ошондой эле санариптик байланыштарды



Kaynaklar

Acharya, A. (2014). The End of American World Order. Polity Press.

Fawcett, L. (2013). The history and concept of regionalism. In J. Baylis, S. Smith, & P. Owens (Eds.), The Globalization of World Politics: An Introduction to International Relations (6th ed., pp. 429–446). Oxford University Press.

Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi. (2026). Kurumsal / Tarihçe. https://www.manas.edu.kg

жеңилдетүүгө багытталган. Бул жөн гана тамгаларды бирдей кылуу аракети эмес. Ал маалымат алмашууну тездетүүгө, илимий кызматташтыкты жеңилдетүүгө жана келечекте түрк дүйнөсүндө өз ара байланыш үчүн жалпы тилдик негизди бекемдөөгө багытталган маанилүү кадам болуп саналат.

Маданий жакындашууну колдогон дагы бир маанилүү демилге – ТҮРКСОЙ-

T.C. Dışişleri Bakanlığı. (2026). Türkiye-Kırgızistan Cumhuriyeti siyasi ilişkileri. https://www.mfa.gov.tr/turkiye-kirgizistan-cumhuriyeti-siyasi-iliskileri.tr.mfa

Türk Devletleri Teşkilatı Zirve Bildirileri (2021-2026),

Türk Dünyası 2040 Vizyonu,

TDT 2022-2026 Strateji belgesi,

Sektörel Bakanlar Toplantıları kararları,

TDT Sekretaryası tarafından derlenen diğer rapor ve belgeler.

дун координациясы менен ишке ашырылып келе жаткан Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору программасы. Программанын алкагында жыл сайын тандалган шаарларда маданият, искусство жана туризм багытындагы иш-чаралар эл аралык деңгээлде өткөрүлөт. Бул шаарлардын ортосундагы маданий байланыштарды кеңейтүүгө жана жергиликтүү бийлик органдарынын аймактык





кызматташтыкка активдүү катышуусуна мүмкүнчүлүк берет. Кыргызстан менен Түркиянын шаарларынын бул программага катышуусу эки өлкөнүн маданий байланыштарын бекемдеп, шаарлар менен жергиликтүү бийлик органдарынын ортосундагы кызматташтыктын кеңейишине да өбөлгө түзүүдө.

Маданий кызматташтыктын эл аралык багыты да акырындык менен кеңейип жатат. Мүчө мамлекеттердин ЮНЕСКОнун Материалдык эмес маданий мурастар тизмесине биргелешкен талапкерлерди көрсөтүшү жана орток доку-

менттерди даярдоосу түрк дүйнөсүнүн маданий баалуулуктарын дүйнөгө кеңири таанытууга шарт түзөт. Нооруз жана башка орток мурастар боюнча бир нече мамлекет биргелешип даярдаган материалдар маданий мурасты сактоого көмөк көрсөтүү менен катар, түрк мамлекеттеринин эл аралык маданий аянтчаларда биргелешип аракеттенүү тажрыйбасын да күчөтүүдө.

Түрк мамлекеттер уюму туризмге экономиканын бир тармагы катары гана эмес, орток маданий мурасты таанытуунун, шаарлардын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүнүн жана түрк дүйнөсүнө болгон орток сезимди бекемдөөнүн маанилүү багыты катары карайт. Ушул максатта ишке киргизилген «Түрк дүйнөсүнүн туризм борбору» демилгеси мүчө мамлекеттердин тарыхый жана маданий байлыктарын эл аралык деңгээлде таанытууга, шаарлардын ортосунда туруктуу туристтик байланыштарды түзүүгө жана биргелешкен туристтик багыттарды өнүктүрүүгө багытталган.

Бул программанын алкагында Кыргызстандын Жалал-Абад шаары (азыркы Манас) 2025-жылы Түрк дүйнөсүнүн туризм борбору деп жарыяланган. Ушуга байланыштуу эл аралык туризм форумдары, маданий иш-чаралар, инвестициялык жолугушуулар жана таанытуу иштерин камтыган кеңири программа ишке ашырылды. 2026-жылга бул макамдын Анкара шаарына өткөрүлүп берилиши демилгенин туруктуу иштеп жаткан механизмге айланганын жана шаарлардын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүргөн маанилүү аянтча болуп калганын көрсөтөт.

Туризм тармагындагы кызматташтык Түрк Жибек жолу, Табарук Зыярат (ыйык жерлерге зыярат) долбоору, Түрк дүйнөсүнүн тоо лыжа борборлорунун биримдиги, биргелешкен жарнамалык кампаниялар жана санариптик туризм платформалары аркылуу дагы кеңейүүдө. Мындан тышкары, мүчө мамлекеттердин жарандарына түрк дүйнөсүндөгү музейлерге бир карта менен кирүүгө мүмкүнчүлүк берүүнү көздөгөн Орток музей картасы долбоору да даярдалууда. Мунун аркасында туризм жөн гана саякатты



көбөйткөн тармак катары эмес, маданий дипломатияны, жергиликтүү өнүгүүнү, шаарлардын ортосундагы кызматташтыкты жана экономикалык жакындашууну колдогон кеңири багыт катары өнүгүүдө.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынан Орток түрк алфавитине чейин, Маданият жана Туризм борборлору программаларынан Табарук Зыярат долбооруна чейин, ЮНЕСКО алкагындагы демилгелерден орток маданий мурас долбоорлоруна чейинки иштер түрк дүйнөсүндөгү маданий байланыштарды күчөтүү менен бирге, туризмдин өнүгүшүнө, жаштардын өз ара байланышынын кеңейишине, жергиликтүү өнүгүүгө жана элдердин бири-бирине болгон ишениминин бекемделишине да салым кошууда.

5.6. Саламаттык сактоо, өзгөчө кырдаалдардагы кызматташтык жана аймактын туруктуулугу

Акыркы жылдары саламаттык сактоо жана өзгөчө кырдаалдарды башкаруу эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгүндө маанилүү багыттардын бирине айланды. COVID-19 пандемиясы дүйнөлүк

саламаттык сактоо кризистерин жана табигый кырсыктардын кесепеттерин ар бир мамлекет өз алдынча чечүү кыйын экенин көрсөттү. Мындай учурларда өлкөлөрдүн өз ара аракеттенүүсү, маалымат алмашуусу, алдын ала даярдыгы жана биргелешип ыкчам чара көрүү мүмкүнчүлүгү өзгөчө мааниге ээ. Ушуга байланыштуу Түрк мамлекеттер уюму да саламаттык сактоо жана өзгөчө кырдаалдарды башкаруу маселелерин кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттарынын катарына киргизди. Бул процессте Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы кызматташтык да кыйла тереңдеди.

Кыргызстан менен Түркиянын саламаттык сактоо тармагындагы кызматташтыгынын эң көрүнүктүү мисалдарынын бири – Бишкек шаарындагы Режеп Тайып Эрдоган атындагы Бишкек Кыргыз-Түрк достугу мамлекеттик ооруканасы. Кыргызстан менен Түркия биргеле-





шип башкарган бул оорукана заманбап диагностика жана дарылоо кызматтарын көрсөтүү менен катар медициналык кызматкерлерди даярдоодо, адистердин кесиптик тажрыйбасын жогорулатууда жана билим, тажрыйба алмашууда да маанилүү роль ойнойт. Кыргыз жана түрк медицина кызматкерлеринин биргелешип иштөөсү заманбап медициналык кызматтарды өнүктүрүүгө, эки өлкөнүн адистеринин тажрыйба бөлүшүүсүнө жана туруктуу кызматташтыкты жолго коюуга шарт түздү. Орган трансплантациясы баш болгон жогорку адистикти талап кылган бир катар багыттарда кызмат көрсөткөн оорукана Кыргызстан–Түркия стратегиялык өнөктөштүгүнүн саламаттык сактоо тармагындагы эң ийгиликтүү жана көрүнүктүү долбоорлорунун бири болуп саналат.

Түрк мамлекеттер уюмунун алкагында ишке ашырылып жаткан бирге-



лешкен демилгелер да эки өлкөнүн бул багыттагы кызматташтыгын толуктоодо. Алардын бири – ТҮРКТРАНСПЛАНТ биргелешкен маалымат системасы. Бул демилге 2024-жылы Шуша шаарында өткөн Саламаттык сактоо министрлеринин жыйынында кол коюлган Ниеттер жөнүндө протоколдун негизинде башталган. Анын максаты – орган трансплантациясы боюнча маалымат алмашууну жакшыртуу, жалпы санариптик системаны түзүү жана мүчө мамлекеттердин бул тармактагы мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. Ошондой эле Түрк фармакопеясы (Turkic Pharmacopoeia) боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер дары-дармектерге карата жалпы стандарттарды жакындаштырууга багытталган. Ал эми Түрк мамлекеттеринин өзгөчө кырдаалдар боюнча медициналык тобу (TURKEMT) демилгеси өзгөчө кырдаалдарда иштей турган медициналык топторду биргелешип даярдоого, алардын ишин өз ара макулдашууга жана ыкчам аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн күчөтүүгө багытталган.

Бул демилгелер ТМУнун саламаттык сактоо тармагындагы кызматташтыгы маалымат жана тажрыйба алмашуудан практикалык биргелешкен аракеттерге карай кеңейип жатканын көрсөтөт.



Саламаттык сактоо тармагындагы бул кызматташтык Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДССУ) Европа аймактык бюросу менен түзүлгөн стратегиялык өнөктөштүктүн аркасында эл аралык деңгээлде да өнүгүүдө. Биргелешкен иш-аракеттер пландарынын негизинде саламаттык сактоо системаларынын туруктуулугун жогорулатуу, өзгөчө кырдаалдарга даярдык көрүү, медицина кызматкерлерин окутуу, жетекчи кадрларды даярдоо жана саламаттык сактоо тармагындагы өзгөчө кырдаалдарды башкаруу боюнча кеңири иштер жүргүзүлүүдө. Мунун натыйжасында ТМУ аймактагы саламаттык сактоо кызматташтыгын өнүктүрүү менен бирге, дүйнөлүк саламаттык сактоо тармагындагы ишенимдүү өнөктөш катары да өз ордун бекемдөөдө.


Саламаттык сактоо жана өзгөчө кырда-



